БЕКИТЕМ
Э. Ибраев атындагы
жалпы орто билим берүүчү №4
мектебинин директору
_____ Керимбаева А.А.

# №2

# Нарын шаарындагы Э.Ибраев атындагы жалпы орто билим берүүчү №4 мектеби 2022-2023-окуу жылындагы Техникалык коопсуздук эрежелерин сактоо боюнча инструктаждан өтүү журналы.

## Дене тарбия  мугалимдери жана дене тарбия ийримдеринин жетекчилери  үчүн

(техникалык коопсуздуктарды  окууну уюштуруу жана нускамалар боюнча «Эмгекти коргоо жана уюмдун жумушчуларын окутуу ошондой эле эмгекти коргоо талаптары боюнча билимдерин текшерүү тартиби жөнүндө жобонун» Негизине таянат   Анын жалпы жобосу   КР Өкмөтүнүн  2004-ж .5.04 №225 Токтому менен бекитилген.

**Колдонулган материалдар жана нускамалар:**
Билим жана илим кызматкерлер кесиптик кошуунунун Нарын районундук комитети.
Мектептин техникалык коопсуздук эрежелери боюнча  нускама. Нарын шаары 2016-ж

«

«Бекитемин» ______
2 сентябрь 2021-ж
Мектеп директору:
А.А.Керимбаева

# №2

# Нарын шаарындагы Э.Ибраев атындагы жалпы орто билим берүүчү №4 мектеби 2021-2022-окуу жылындагы Техникалык коопсуздук эрежелерин сактоо боюнча инструктаждан өтүү журналы.

## Дене тарбия мугалимдери жана дене тарбия ийримдеринин жетекчилери үчүн

(техникалык коопсуздуктарды окуупу уюштуруу жана нускамалар боюнча «Эмгекти коргоо жана уюмдун жумушчуларын окутуу ошондой эле эмгекти коргоо талаптары боюнча билимдерин текшерүү тартиби жөнүндө жобонун» Негизине таянат Анын жалпы жобосу КР Өкмөтүнүн 2004-ж .5.04 №225 Токтому менен бекитилген.

**Колдонулган материалдар жана нускамалар:**
Билим жана илим кызматкерлер кесиптик кошуунунун Нарын райондук комитети. Мектептин техникалык коопсуздук эрежелери боюнча нускама. Нарын шаары 2016-ж

Инструктаж өткөн жооптуу адам: ______ Директор: А.А.Керимбаева

Нарын шаары  Э.Ибраев атындагы жалпы орто билим берүүчү
№4 мектеби 2021-2022-окуу жылы.

Техникалык- коопсуздук эрежелерин сактоо боюнча инструктаж өтүүгө **карата  эмгекти коргоо**  боюнча **Дене тарбия мугалимдери  үчүн КӨРСӨТМӨЛӨР:**

1. **Эмгекти коргоо боюнча Дене тарбия мугалимдерине иш ордуна коюлуучу талаптар:**

Окуу программасына ылайык дене тарбия сабагы өтүлүүчү спорттук жайлар (залдар, аянтчалар) нормага ылайык жабдылышы керек;

1.1 Чоң жана кичи спорттук залдар (спорттук аянтчалар);

Стандарттка ылайык волейбол, баскетбол, торчолор, шакекчелер, шиттер, теннис столдору, топтун түрлөрү, жарыктандыруу, эвакуациялык жолдору, окуучулардын чечинүүчү бөлмөлөрү (кыздар, балдар өзүнчө) дене тарбия мугалимдеринин олтуруучу иш орду, иш план илүүчү тактасы болуш керек.

1.2 Гимнастика көнүгүүлөрү үчүн ( маттар, обручтар, параллелдүү брусялар, скалкалкалар, 2 спорттук ат, швед дубалы, гимнастикалык аркан, гимнастикалык таякчалардын комплектиси, штангалар, гантелдер, гиря, ышкырыктар, секундомерлер, таблолор, шакекчелер болуш керек.

1.3 Тренажердук зал болсо, булчуңдарды машыктыруу шаймандар.

1.4 Хореографиялык класс болсо; күзгүлөр видое, аудио апаратурасы менен болуш керек;

1.5 Спорттук аянтчада: кичи футбол аянтчасы, волейбол, баскетбол ойноочу аянттар өзүнчө болуш керек тоскоолдуктардан өтүү тосмолорду, турниктер, тулку бойду көтөрүү үчүн атайын снаряддар, окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша турник, узундугуна секирүүчү аянтчалар, (кум төгүлгөн) жалпы чуркоочу жолдор болуш керек.

1.6 Дене тарбия мугалимдери иш кагаздарын сактоо үчүн иш бөлмөсү (тренерская) болуш керек.

1.7 Спорттук инвентарларды сактоочу бөлмө болуш керек.

**1.8 Дене тарбия мугалимдигине коюлуучу талаптар:**

- Дене тарбия мугалимдигин, адистигин тастыктаган диплому; (атайын орто, жогорку)
- Дене тарбия мугалимдигинин ден-соолугунун таза экендигин тастыктаган мед кароодон өткөн китепчеси;
- Соттолбогондугу;
- Директордун дене тарбия мугалимдигине дайындаган буйругу;
- Техникалык коопсуздук эрежелери боюнча инструктаждан өткөн, мектептин уставына, билим берүүнүн мыйзамдарын, мектептин пед кеңешмесиндеги ички жоболорду аткара турган, ички тартипти, режимди сактаган адис болушу керек;
- Өзгөчө кырдаалдар болгон кезде (өрт, жер титирөө башка кырсыктар) окуучулардын өмүрүн сактоо боюнча ыкчам чараларды көрө турган инсан болуш керек.
- Өзүнө берилген жоопкерчиликтерди, спорттук инвентарларды сактай билген аларга этият мамиле кылган адис болуш керек;
- Мектептен жана класстан тышкаркы иштерге активдүү катышкан, окуучуларды спорттун түрлөрү боюнча мектепте даярдап, машыктырган, үйрөткөн адис болуш керек;
- КР Өкмөтүнүн жогорку жактардан (НШббб, Мэрия, спорт мекемелери ж.б) келген буйруктардын көрсөтмөсүнө карата иш чаралардын планын түзүп, аткарууга алган;
- Ата-эне окуучу, педагогикалык жамааттар, арасында спорттук оюн, мелдештерди уюштуруусу керек;

1.9 Техникалык коопсуздук эрежелерин сактоо боюнча инструктаждан 1 жумада 2 жолу өтүшү керек;

1.10 Техникалык коопсуздук эрежелерин сактоо боюнча окуучуларды (д/т сабагына катышкан) 1 жылда 2 жолу өткөрүп, атайын журналдарга колдорун койдуруш керек;

1.11 Спорт залда, спорт аянчада окуучулардын формасын аба-ырайынын температурасына жараша талап кылышы; жетишүүсү керек;

1.12 Дене тарбия мугалими сабак башталаарга 30 мин калганда спорт залдын санитардык абалына, инвентарлардын оң абалда болуусун текшерип, камсыз кылышы керек;

1.13 Окуу процессинде дене тарбия мугалиминин спорттук кийими болуусу керек жана окуучулардын дагы аны талап кылышы керек;

1.14 ДМЧ окуучулары менен өзүнчө иштөө боюнча жетиштүү билими, маалыматы жана алар менен сабак өтүү ыкмасын билүүсү керек;

1.15 Дене тарбия мугалими спорттун көпчүлүк түрүн билүүсү (машыгуу, машыктыруу, үйрөтүү, улуттук оюндар ж.б) керек.

**2. Коопсуздукту сактоо боюнча сабак башталардын алдында дене тарбия мугалимдерине коюлуучу талаптар:**

2.1 Сабак башталаар алдында техникалык коопсуздук эрежелерин сактоо боюнча инструктаж өткөрөт, көнүгүүлөрдүн эрежелери менен тааныштырат.

2.2 Сабак) башталаарда дене тарбия мугалими спорттук кийимин кийет. Инвентарларды текшерет.

2.3 Эгерде спорттук шаймандардын (снаряддардын) кемчилиги, бузугу, же окуучулар үчүн жаракат жаратуу коркунучу, белгилери болсо алмаштырат. Колдонууга болбойт;
2.4 Спорттук оюндардын учурунда сөзсүз түрдө топтордун желинин абалын, полдун нымдуу, кургак абалын, волейбол сеткасынын тартылышы, ичиндеги металл тросторунун чыгып калбашын, баскетбол шиттеринин бекемдигин, спорт залдын ичиндеги ашыкча буюмдардын болбошун көзөмөлдөйт.
2.5 Гимнастика менен машыгуунун алдында маттарды, швед дубалынын оң абалда жана бекемдигин текшеришет;
2.6 Бардык спорттук жайларда температуралык режимди, желдетүүнү, жарыкты, өрт өчүрүүчү жабдыктарды кароо керек;
2.7 Дене тарбия мугалими, спорт аянтчадагы, спорт залдагы жолдун, жердин кургактыгын, футбол талаасынын таза экендигин (зымдар, арматуралар, айнектер, жыгачтын сыныктары, таштар, кирпичтердин сыныктары, жиптер, калай темирлер болбош керек) Спорт снаряддардын сынганы болсо алдын ала ремонттоо, ширетүү боюнча завхозго, директорго кайрылышы керек.
2.8 Кум төгүлгөн секирүүчү жайда кумдун арасында таш, темир, зым, айнектер, таяк, жыгач же кумдан башка ашыкча жаракат алып келүүчү нерселер болбош керек; Кумду дайыма жумшартып, чанап туру керек;
2.9 Дене тарбия мугалими окуучуларга көнүгүүлөрдү аткартаар алдында эрежелерди, спорт шаймандардын кантип колдонуу керектигин түшүндүрөт жана көзөмөлдөйт;
2.10 Дене тарбия сабагы учурунда эмнелерге тыюу салынаарын түшүндүрөт.

## 3. Коопсуздукту сактоо боюнча сабак учурунда дене тарбия мугалимине коюлуучу талаптар:

3.1 Дене тарбия мугалими сабака тиешелүү тапшырмаларды, аткарылуучу иштерди түшүндүрөт. Алардын туура аткарылышын көзөмөлдөйт, окуучулар арасында конфликтердин болуп кетпешин алдын алат жана көзөмөлдөйт.
3.2 Окуучулардын спорттук формасын, бут кийимин, өздүк гигиенасын көзөмөлдөйт;
3.3 Спорттук снаряддарды топту, гранаталарды ыргытууну, топторду туура берилиши, оюн ирeетинде окуучуларды кокустан топ менен бетке тебүүгө, топтордун артынан автоунаа өтүүчү жолго чыгып кетүүсүнө жол бербейт;
3.4 Дене тарбия мугалими жеке өзү мектеп аймагында, спорт залда тамеки чегүүгө болбойт же башкаларга жол бербейт;
3.5 Окуучуларды кароосуз калтырбайт;
3.6 Айрыкча башталгыч класстарынын окуучуларын классынан өзү ээрчитип кетип, сабак бүткөндөн кийин класс жетекчилерине ошол тартипте өткөзүп берет;
3.7 Авариялык эшиктердин ачык болушун(кулпуда болбош керек) текшерет;
3.8 Электр жабдыктардын, өткөргүчтөрдүн оң абалда экендигин текшерет жана ачык, бузук болсо алдын ала мектеп жетекчилерине, завхозго кайрылат, эскертет;
3.9 Авариялык кырдаалдарда эвакуациялык схемасын билиш керек;
3.10 Эвакуациялык пландын схемасын завхоздон алып, спорт залдын көрүнө жерине коет.
3.11 Өрт өчүрүүчү шаймандар менен иштөөсү, билүүсү керек;
3.12 Авариялык кырдаалда окуучуларды коопсуз жайга алып чыгып кетиши керек;
3.13 Жаракат алган окуучуларга жардам көрсөтүүсү керек. Сабак убагында жаракат алса мед. кызматкерлерге, тез жардамга кайрылуу керек жана жаракат алган окуучуга физикалык жактан жүктом бербейт;
3.14 Жолдун аркы бетиндеги спорт аянтчасына окуучуларды өзү ээрчитип барып, сабак бүткөндөн кийин ошол тартипте мектепке киргизет;
3.15 Спорт аянтчада, залда чоочун адамдардын жүрүшүнө жол бербейт жана тыюу салынат;
3.16 Дене тарбия сабагы учурунда окуучулардын дубалдарга, темир тосмолорго чыгып ойноосуна жол бербейт;

3.17 Дене тарбия мугалимине сабак жана жумуш учурунда спирт ичимдиктерин ичүүгө тыюу салынат;

3.18 Дене тарбия сабагын башка бирөөнү алмаштырып өтүүдө башталгыч класстарынын окуучулары менен жогорку класстын окуучуларын аралаштырып өтпөйт. Өз өзүнчө өтүүсү керек;

3.19 Жеке жумуштары, кызыкчылыктары менен дене тарбия сабагы учурунда окуучуларды жумшабайт;

3.20 ДМЧ окуучуларга жекече жана этият мамиле кылуусу керек;

**4. Коопсуздукту сактоо боюнча сабак бүткөндөн кийин дене тарбия мугалимине коюлуучу талаптар:**

4.1 Кийинки дене тарбия сабагын өтүүчү мугалимге спорттук обьектилерди, машыгуучу шаймандарды оң абалда орду менен толук өткөрүп берет жана бузук болсо билдирет;

4.2 Спорт залдын тазалыгын текшерет. Зарыл болсо кенже тейлөөчү кызматкерлерге кайрылат;

4.3 Көйгөрлөр пайда болсо мектеп администрациясына, нөөмөт мугалимдерге, зовхозго кайрылат;

4.4 Спорттук мелдештер учурунда башка мектептерден келген командалар, окуучулар арасында конфликтер болуп кетишине жол бербейт;

4.5 Мектептен класстан тышкаркы спорттук мелдештерге окуучуларды алып барууда окуучулардын жол жана укук бузуу, тоноо, уруп согуу боюнча кылмыштуулукту алдын алат жана ар бир окуучунун өмүрү үчүн жооп берет. Өзү ээрчитип барып кайра ээрчитип келет.

4.6 Жолдоп баруу (сопровождение) боюнча милдетти так жана жоопкерчилик менен аткарышы керек;

**5. Авариялык мезгилде коопсуздукту сактоо боюнча дене тарбия мугалимине коюлуучу талаптар:**

5.1 Дене тарбия мугалими окутууда, тарбиялоодо ден-соолукту чыңдоо иш чараларында өрт коопсуздуктарын эрежелерин сактайт;

5.2 Ооруп калган, жаракат алган окуучулар болсо мед кызматкерлерге, мектеп администрациясына кайрылат;

5.3 Авариялык кырдаал (өрт, жарылуу, жер титирөө унаа авариялары, сүзүп кетүү) катталса мектеп администрациясына кайрылат.
Тиешелүү кызматтарга (тел:101, 112) кайрылат:

5.4 Эвакуациялоого катышып, электр жабдууларын өчүрөт;

**6. Дене тарбия мугалимине жаракат алгандарга алгачкы жардам көрсөтүүдө коюлуучу талаптар:**

**6.1 Сынган учурда:**

А) Кабыргалар сынганда, жабыркаган адамга өпкөсүндөгү демди мүмкун болушунча чыгарып, андан кийин терең эмес үстүртөн дем алууга ыңгайлаштырып, көөдөндү бекем таңышат;

Б) Омуртка тутуму сынган адамды түз, катуу жерге көмкөрөсүнөн жаткырып, тез жардам чакырат. Кырсыктаган адамды отурган абалда таңууга болбойт, жүлүнгө доо кетиши мүмкүн;

В) Баш сөөгү сынган, жабыркаган адамды чалкасынан жаткырып, мээге кан куюлуп кетпес үчүн анын башын бир аз өйдөлөтүп, тез жардам чакыруу керек;

Г) Ачык сыныкта кандын акканын токтотуп, жараатты тазалап, таза бинт же материал менен таңып, шакшак коюп доо кеткен жерди кыймылдатпаш керек. Кыскычты пайдаланууну билүүсү керек;

**6.2 Электр тогуна урунганда:**

А) Электр ток булагынан өчүрүү керек, кургак чүпүрөк менен өткөргүчтү алуу керек;
Б) Жылуу суюктук ичүү;
В) Жасалма дем алдыруу;

**6.3 Эт чоюлганда:**
А) Муздак компресс коюуу;
Б) повязка байлоо;

**6.4 Эси ооп калган учурда (потерие сознания):**
А) Аба жеткендей чалкасынан жаткыруу;
Б) Жакасын, оор кийимдерди чечүү;
В) Нашатрь спиртин кебез аркылуу жыттатуу;
Г) Эсине келгенден кийин ысык тамак, суюктук, суусундук берүү;

**6.5 Тери күйүүдө:**
А) Жалынды өчүрүү, жабырлануучуга одеяло жабуу;
Б) Кийимин кесип алуу;
В) Күйгөн жерге муздак суу агызуу, спиртке чыланган салфеткаларды жабуу;
Г) Өз алдынча ар кандай нерселерди (баткак, крем, косметикалык каражаттарды, тиш пасталарды шыбабаш керек)

| № | Инструктаждан өткөн мугалимдин А.А.А. | Туулган жылы, айы | Инстр-н өткөн күнү, айы, жылы | Инстр-дан өткөн мугалимдин колу | Инструк-н өткөргөн адамдын А.А.А. кызматы |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |